КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №7/5**

2025-жылдын 11-сентябры Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Базар-Турук айылындагы ден-соолукту чыңдоо борборуна Жунусов Жайнактын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Жунусов Жайнак 1937-жылы 12-декабрда Жаны-Арык айылында туулган. “Жаңы-Арык” орто мектебин аяктагандан кийин кооперативдик училиңени аяктап 4-разряддагы жыгач устачылык кесипке ээ болуп, айылда устачылык кесибин аркалаган.

1963-1968 жылдары Фрунзе шаарындагы К.И.Скрябин атындагы Айыл-чарба Институтунун “Агрономия” факультетин бүтүргөн.

1968-1970-жылдары Кочкор районунун “Сөң-Көл” жана “Теңдик” совхоздорунда башкы агроному;

1970-1972-жылдары Кочкор районунун айыл чарба башкармасынын башчысы;

1972-1980-жылдары Нарын облусунун айыл чарба башкармасынын башчысынын орун басары;

1980-1982-жылдары Суусамыр өрөөнүндөгү жаңы түзүлгөн “Кызыл-Ой”совхозунда директор;

1982-1998-жылдары “Кызарт” совхозунда агроном, управляющий болуп эмгектенген. Ардактуу эс алууга чыккандан кийин дагы айылдын коомдук иштерине аралашып, 1998-2000-жылдары Жаны-Арык айылында аксакалдар сотунун төрагасы болуп иш алып барган.

Айыл тургундарынын кайрылуусун карап жана жогорудагыларды угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Базар-Турук айылындагы ден-соолукту чыңдоо борборуна Жунусов Жайнактын ысымы берилсин жана мындан ары “Жунусов Жайнак атындагы ден-соолукту чыңдоо борбору” болуп аталсын;

2. Ден-соолукту чыңдоо борборуна ысымы жазылган тактасын орнотуу жагы Ж.Жунусовдун үй-бүлөсүнө тапшырылсын;

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**